КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ
ЫЛАЙ-ТАЛАА
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ЫЛАЙ-ТАЛИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ЫЛАЙ-ТАЛАА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН ТОКТОМУ

2026-жылдын 6-июлу, № 10/4 Ылай-Талаа айылы

**Ылай-Талаа айыл аймагына караштуу Шаркыратма айылынын Тартма участкасындагы Четки көчөгө (маркум) Токуров Шапынын ысымын ыйгаруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 19-августундагы № 467 сандуу "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Административдик-аймактык түзүлүштүн маселелерин жана географиялык аталыштарын кароо боюнча ведомстволор аралык комиссия жөнүндө" токтомунун талаптарына ылайык Шаркыратма айылынын Тартма участкасынын жашоочуларынын 2022-жылдын 17-июнундагы жалпы жыйынынын № 16 протоколун карап чыгып айылдык Кенештин агрардык, азык-түлүк, айыл жана суу чарбасы, жерге жайгаштыруу, жер жана жер ресурстары, экология жана жаратылышты коргоо боюнча туруктуу комиссиясынын сунушунун негизинде Ылай-Талаа айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Айыл аймагынын Шаркыратма айылындагы Тартма көчөсүнө (маркум) Токуров Шапынын ысымы ыйгарылсын.

2. Токуров Шапынын ысымы ыйгарылган көчөнүн абалын талапка ылайык деңгээлде болушун камсыздап, аталышын жаздырып, номерлерин илдирип, түнкү жарыктандыруу, шагыл төгүп тегиздөө маселелерин чечип берүү, дайыма көзөмөлдөп туруу жагы уулу Токуров Мыктыбек Шапыевичке милдеттендирилсин.

3. Ушул токтомду расмий жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңешинин жооптуу катчысына милдеттендирилсин.

4. Токтом расмий жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңешинин агрардык, азык-түлүк, айыл жана суу чарбасы, жерге жайгаштыруу, жер жана жер ресурстары, экология жана жаратылышты коргоо боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага **А.Мойдунов**